**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2025-ж. "13" 11 № 785 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо-кырсыгынан куткаруу кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарга тарифтердин прейскурантын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө (жумуштарга) акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө» 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Мамлекеттик органдар жана алардын ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө» 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 токтомуна, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Баткен облусу боюнча «Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарга тарифтердин прейскурантын макулдашуу жөнүндө» 2025-жылдын 23-октябрындагы № 58 буйругуна ылайык, буйрук кылам:

1. Тиркемеге ылайык, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарга тарифтердин тиркелген прейскуранты бекитилсин.

Б.Э. Ажикеев

2. Көрсөтүлгөн материалдардын толуктугу жана аныктыгы үчүн, жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматынын башчысы, подполковник С.С. Мамаевге жүктөлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматынын башчысы, подполковник С.С. Мамаев:

- акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча эсептөөлөрдү жүргүзүүдө ушул буйруктун 1-пунктунда бекитилген прейскурантты жетекчиликке алсын;

- бекитилген прейскуранттын көчүрмөсүн маалымат үчүн, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине жиберсин;

- бекитилген прейскурантты белгиленген тартипте, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Баткен облусу боюнча бөлүмүнө берилсин.

4. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Калк жана массалык маалымат каражаттары менен иштөө башкармалыгынын башчысы А.М. Чаргынов Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарга тарифтердин прейскурантын Министрликтин расмий сайтына жайгаштырылышын камсыз кылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин биринчи орун басары А.М. Мамбетовго жүктөлсүн.

6. Буйрук тиешелүү тараптарга жеткирилсин.

**Министр**
**генерал-лейтенант** **Б.Э. Ажикеев**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
**КР Экономика жана коммерция министирлигине караштуу монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Баткен облустук бөлүмүнүн башчысы**
**____________________ М.С.Исаев**
**«23» ________________2025 год**

**БЕКИТЕМИН**
**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министри**
**генерал - лейтенант**
**____________________Б.Э. Ажикеев**
**«12» ноября 2025 год**

**КР ӨКМнин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы тарабынан тоо-кен өндүрүүчү мекемелердин ыктыярдуу көмөкчү командасынын мүчөлөрүн жана инструкторлорун окутуу, даярдоо жана кайра даярдоо боюнча акы төлөнүүчү баалардын**
**Прейскуранты**

| К№ | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Сааттын саны | 1 саатка бир адамга окутуунун баасы (сом) | Эскертме |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ыктыярдуу көмөкчү тоо-кен куткаруу командасынын инструкторун даярдоо | 72 | **280 сом** | |
| 2 | Ыктыярдуу көмөкчү тоо-кен куткаруу командасынын инструкторун кайра даярдоо | 40 | **280 сом** | |
| 3 | Ыктыярдуу көмөкчү тоо-кен куткаруу командасынын мүчөлөрүн даярдоо | 40 | **280 сом** | |

**КР ӨКМ Тоо кырсыгынан куткаруу кызматынын башчысы**
**подполковник С. Мамаев**

**«22» ___10___2025 год**

**КР ӨКМ Тоо кырсыгынан куткаруу кызматынын бухгалтердик эсеп жана отчеттулук бөлүмчөсүнүн башчысы**
**капитан А. Ормонова**

**«22» ___10___2025 год**